# 2025-2026 - окуу жылындагы «БИОЛОГИЯ» предметтик стандарты жана окуу программасындагы өзгөрүүлөр

*Даярдаган:* **Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору**
**САТЫБЕКОВА МАЙРАМКҮЛ АБДЫКУЛОВНА**
**Элек. почта msatybekova@bk.ru**

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*

# Мектептик биологиялык билим берүүгө учурдун талабына ылайык төмөнкүдөй максат жана милдеттер коюлган:

01

Коомдогу эң жогорку баалуулук катары жарандардын билимдүүлүгү жана интеллекти улуттук баалуулук катары алдыга чыгышы;

02

Жер жүзүндөгү бардык жашоонун баалуулугун түшүнүү үчүн тирүү жаратылыштын түзүлүштүк - функционалдык, генетикалык негиздерин, жандуу жаратылыштын бардык дүйнөсүнүн организмдеринин көбөйүшүн жана өнүгүшүн, экосистемалардын, биологиялык ар түрдүүлүктүн, эволюциянын негиздери жөнүндөгү билимдердин системасын өздөштүрүү;

03

Экологиялык этика нормаларын жана эрежелерин, мектеп окуучуларына экологиялык сабаттуулуктун негизи катары жандуу жаратылышка жоопкерчиликтүү мамиле кылууну калыптандыруу;

04

Генетикалык сабаттуулукту калыптандыруу – сергек жашоо образынын негизи катары адамдын психикалык, физикалык жана моралдык ден - соолугун сактоо;

05

Окуучулардын инсандыгын өнүктүрүү, биологиялык билимди практикада колдонууга, медицина, айыл чарба, биотехнология, айлана-чөйрөнү рационалдуу пайдалануу жана жаратылышты коргоо жаатындагы изилдөөчүлүк, практикалык иш - чараларга катышууга умтулуу.

# Билим берүүгө болгон жаңы жагдайлардан улам биологиялык билим берүүнү реформалоо төмөнкү контексте жүргүзүлдү:

Биология – бул илим

Бардык эле илимдер сыяктуу биология илиминин өзүнүн тарыхы бар

Бардык эле илимдер сыяктуу биология илими – коомдук кубулуш

Биология – бул маданий кубулуш, же анын бир түзүмү катары да каралат

# 11 жылдык жана 12 жылдык окутууда “Биология” курсунун мазмундук багытындагы өзгөрүүлөр

| **11 жылдык окуу программасында** | **12 жылдык окуу программасында** |
|---|---|
| Организм – биологиялык система; | Организм – биологиялык система катары; |
| Организмден жогору турган системалар; | Адам жана анын өмүрүн сактоо; |
| Органикалык дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жана анын эволюциясы; | Организмден жогору турган системалар, алардын касиеттери жана өз ара байланыштары; |
| Адам жана аны курчап турган чөйрө. | Жашоонун үзгүлтүксүздүгү: өнүгүү, көбөйүү жана органикалык дүйнөнүн ар түрдүүлүгү. |

# 11 жылдык жана 12 жылдык окутууда “Биология” курсундагы предметтик компетенттүүлүктөрдөгү өзгөрүүлөр

| **11 жылдык окуу программасында** | **12 жылдык окуу программасында** |
|---|---|
| Жандуу объектилерди таануу жана баяндоо | Биологиялык кубулуштарды жана процесстерди илимий таанып-билүү компетенттүүлүгү |
| Биологиялык процесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү | Негизделген жыйынтыктарды жана чечимдерди кабыл алуу үчүн илимий маалыматтарды колдонуу компетенттүүлүгү |
| Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү | Эксперименттик - изилдөөчүлүк компетенттүүлүк |
| ______________________________ | Туруктуу өнүгүүгө карай экологиялык сабаттуулукту калыптандыруу компетенттүүлүгү |

# Предметтик компетенттүү ишмердүүлүктү өнүктүрүүчү каражаттар жана технологиялар:

ОМК

3Е

5Е

STEM

3D дизайн

STEMART

долбоордук иштер

сынчыл ойлом

өз алдынча изилдөөчүлүк иштер

маселе, тапшырмалар кейси

мультимедиялык технологиялар

**Предметтик компетенттүү ишмердүүлүк** – бул мектеп окуучусунун предметтик билимине негизделген таанып-билүүчүлүк, изилдөөчүлүк, аткаруучулук билгичтиктерди өздөштүрүүгө жана аларды ар кандай шарттарда колдоно билүүгө багытталган жөндөмдүүлүктөрдүн, көндүмдөрдүн, бирдиктүү иш - аракеттердин системасы.



Мектеп окуучуларынын биологияны окутуудагы предметтик компетенттүү ишмердүүлүгүнө табият объектилерин таанып билүү, салыштыруу, өзгөртүп түзүү, баалоо жана аны менен байланышуу кирет жана ***“билүүгө үйрөнүү”, “бир нерсе жасаганды үйрөнүү”, “жашоого үйрөнүү”, “бар болууга үйрөнүү”*** негизги билим берүү компетенцияларына туура келет.

# «БИОЛОГИЯ» ПРЕДМЕТИНИН БАЗАЛЫК ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ ОРДУ

| Класстар | Жумалык саattардын саны | Жыл ичиндеги сааттардын саны |
|---|---|---|
| 7-класс | 2 | 68 |
| 8-класс | 2 | 68 |
| 9-класс | 2 | 68 |

# 11 жылдык жана 12 жылдык окутууда “Биология” курсундагы айырмачылыктар

| 11 жылдык окуу программасында | 12 жылдык окуу программасында |
|---|---|
| 6-класс. Биология.Өсүмдүктөр, бактериялар, козу-карындар жана эңилчектер | 1-6 - класс “Мекен таануу”, “Табият таануу” жана кийинки окуу жылдарында 7-класс «Биология» предметтерине интеграцияланат |
| 7-класс. Биология. Жаныбарлар | 7-класс. Биология. Жаңы китеп менен башталат. Жаныбарлар уланат |
| 8-класс. Биология. Адам жана анын ден соолугу | 8-класс. Биология. Адам жана анын ден соолугу |
| 9-класс. Биология. Тиричиликтин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү | 9-класс. Биология. Тиричиликтин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү |

## 7-КЛАСС. “БИОЛОГИЯ” ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ОКУУ ПРОГРАММАЛЫК МАТЕРИАЛЫНЫН МАЗМУНУ


| Теманын аталышы | Саат-тар-дын саны | Лаборато-риялык, практика-лык, изилдөө жана долбоордук иштер | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин күтүлүүчү натыйжалары |
|---|---|---|---|
| **Киришүү** | | | |
| Илимге киришүү: түшүнүү, баалуулуктар жана илимий билимдин ролу | 1 | | 1.Илим түшүнүгүн билет, анын коомдун өнүгүшүндөгү негизги милдеттерин жана максаттарын түшүнөт.<br>2.Илимий билимдин дүйнө таанымды калыптандыруудагы, технологияларды өнүктүрүүдөгү жана практикалык маселелерди чечүүдөгү маанисин талдайт.<br>3.Илимдин негизги баалуулуктары – объективдүүлүк, текшерүүчүлүк, системалуулук жана илимий ишмердүүлүктөгү сыноочу ой жүгүртүү менен этикалык нормалардын ролун карайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Клетка – бардык тирүү органимдердин түзүлүшүнүн жана жашоосунун бирдиги. Клетканын ачылыш тарыхы жана изилдөө ыкмалары. Клетканын түзүлүшү жана функциялары. Адистешкен клеткалар. | 2 | | 1.Клетканын ачылыш тарыхын айтып берет, микроскоптун түрлөрүн айырмалайт жана алардын колдонуу чөйрөсүн түшүндүрөт.<br>2.Клетканын негизги түзүмдөрүн (ядро, цитоплазма, мембрана ж.б.) атап, алардын функцияларын мүнөздөйт.<br>3.Ар кандай адистешкен клеткалардын өзгөчөлүктөрүн салыштырат жана алардын организмдеги ролун түшүндүрөт. |
| Организмдеги клеткалардын уюмдашуусу: Клетка – ткань – орган – орган системалары – организм. Өсүмдүктөр жана адамдагы ткандар, органдар жана системалар. Жандуу организмдердин белгилери жана касиеттери. | 1 | | 1.Жандуу организмдердин түзүлүшүнүн иерархиясын сүрөттөйт: клетка, ткань, орган, орган системасы, организм, өсүмдүк жана жаныбар дүйнөсүнөн мисалдарды келтирет.<br>2.Өсүмдүктөр менен адамдагы негизги ткань түрлөрү, алардын түзүлүшү жана функцияларын түшүндүрө алат.<br>3.Жандуу организмдерге мүнөздүү белгилер (зат жана энергия алмашуу, өсүү, көбөйүү, дүүлүгүү, ыңгайлашуу) жана алардын жашоо үчүн маанисин талдайт. |
| **I БӨЛҮМ. Жаныбарлар дүйнөсү менен жалпы таанышуу** | | | |
| **II БӨЛҮМ. Бир клеткалуу жаныбарлар дүйнөчөсү же жөнөкөй жаныбарлар** | | | |

## Биология предмети боюнча баалоо иштеринин түрлөрү (7–12-класстар)

| Баалоо ишинин түрлөрү | Максаты | Кыскача мүнөздөмө |
|---|---|---|
| Оозеки суроо алуу | Теориялык материалды өздөштүрүүнү текшерүү | Фронталдык, жеке, тандалма; түшүнүктөрдү терең түшүнүүнү баалоого мүмкүндүк берет |
| Жазуу иштери, тесттер | Билимдердин жана көндүмдөрдүн деңгээлин баалоо | Жандуу жооп тандоо, ачык типтеги, тууралыкка текшерүү ж.б. түрлөрдү камтыйт |
| Практикалык иштер | Билимдерди практикада колдонуу жөндөмдөрүн текшерүү | Микроскоп менен иштөө, препараттарды, гербарийлерди, приборлорду колдонуу; байкоо жана эксперименттерди жүргүзүү |
| Лабораториялык иштер | Изилдөө жөндөмдөрүн калыптандыруу | Экспериментти өткөрүү, маалыматтарды чогултуу, жыйынтыктарды даярдоо жана талдоо |

| | | |
|---|---|---|
| Текшерүү иштери | Теманы же бөлүмдү өздөштүрүүнү текшерүү | Комплексүү тапшырмалар: теория + тапшырмалар + практикалык бөлүм |
| Долбоордук жана изилдөө иштери | Өз алдынча изилдөө жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү | Жеке же топ менен аткарылат; класста же мугалимдин алдында долбоорду коргоо |
| Таблицалар, схемалар, диаграммаларды иштөө | Визуалдык маалымат менен иштөө жөндөмдөрүн баалоо | Таблицаларды толтуруу, схемаларды талдоо, азыктык тизмелерди түзүү, биологиялык циклдерди түзүү ж.б. |
| Тексттерди жана булактарды талдоо | Сынчыл ой жүгүртүү жана түшүнүү менен окуу жөндөмдөрүн калыптандыруу | Илимий-популярдуу макалалар, окуу китептеринин үзүндүлөрү, изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын талдоо |
| Өзүн-өзү баалоо жана бири-бирин баалоо | Метапредметтик жөндөмдөрдү калыптандыруу | Рефлексия, топто же жупта иштин жыйынтыктарын талкуулоо |


Мой диск
Биология_7_класс_ эле...
Тип
Люди
Изменено
Файлы
Название
1-лаб.иш. Инфу...
3-лаб иш. Гидр...
4-лаб.иш. Сөөл...
5-лаб.иш. Молл...
6-лаб.иш. Курт ...
7-лаб.иш. Балы...
8-лаб.иш.Канат...
11-лаб.иш. Сүт э...
Жерде-сууда ж...
Кыргызстанды...
Сойлоп жүрүүч...
Эволюция проц...

# Окуучулардын предметтик компетенттүү ишмердүүлүктөрүн баалоонун деңгээлдери

| Биринчи деңгээл - Репродуктивдүү | Экинчи деңгээл - Продуктивдүү | Үчүнчү деңгээл - чыгармачылык |
|---|---|---|
| Бул деңгээлде окуучулар төмөнкү көндүмдөргө ээ болушат:<br>-тирүү табият объектилеринин айрым аталыштарын билүү;<br>-организмдердин жашоо-турмушундагы көрүнүштөрдү жана процесстерди байкап, сүрөттөө үчүн биология боюнча керектүү маалыматты бөлүп ала билүү;<br>-биологиянын жана жаратылыш ресурстарынын адамдын жана коомдун күнүмдүк турмушундагы ордун жана маанисин түшүнүү;<br>-алынган билимди жана көндүмдөрдү практикалык иштерде колдонуу. | Бул деңгээлге жетүү төмөнкү жөндөмдөрдү камтыйт:<br>-негизги биологиялык түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, теориялардын мазмунун түшүнүү жана аларды тааныш шарттарда колдонуу;<br>-организмдин бүтүндүгү катары органдар менен функциялардын өз ара байланышын аныктай билүү;<br>-жашоо чөйрөсүнүн шарттары менен организмдеги өзгөрүүлөрдүн ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын аныктай билүү;<br>-биология боюнча жөнөкөй эксперименттерди өз алдынча жүргүзө билүү. | Бул деңгээлге жетишүү төмөнкүлөрдү талап кылат:<br>-акыл-эсти иштетүүнүн логикалык ыкмаларын (талдоо, синтездөө, жалпылоо, салыштыруу) колдонуу жөндөмүнө ээ болуу;<br>-жаңы маалыматтарда багыт алып, керектүү маалыматты аныктап, тиешелүү түшүнүктөрдү түзүү;<br>-изилдөө жүргүзүүнү пландап, ишке ашыруу, жыйынтыктарды каттап, талдап жана жалпылоо жөндөмүнө ээ болуу;<br>-илимий маалыматты баалай билүү жана аны көйгөйлөрдү чечүүдө колдонуу жөндөмүнө ээ болуу. |

# Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Материалдарды төмөнкү адрестерден алсаңыздар болот:**
**https://edu.gov.kg**
**https://kao.kg**



*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*